| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН** |
| **БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XI-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-февралы **№10** Барскоон айылы

**“Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн эсебиндеги эркин калдык жөнүндө”**

Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучусу Г.Чабалдаеванын айыл өкмөтүнүн эсебиндеги жыл аягына эркин калдык жөнүндөгү билдирүүсүн угуп, талкуулап эл депутаттарынын Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджетиндеги 2026-жылдын 1-январына эркин калдык 11416,8 миң сом өлчөмүндө жүргүзүлсүн.

2. Жергиликтүү бюджеттен 2026-жылдын 1-январына 6970,5 миң сом “Жайыт”, лизинге алынган атайын техникалардын төлөмүнө 2400,0 сом, лизингге алынган АӨ кызматтык унаасынын төлөмүнө 600,0 сом жана 2025-жылы өздөштүрүлбөй калган 1446,3 миң сом төмөндөгүлөргө жумшалсын:

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Барскоон маданият борборуна музыкалык жана үн күчөткүч аппаратураларды, концерттик костюмдарды жана шкаф/гардероб алууга алууга | 500,0 |
| 2 | Барскоон маданият үйүнө конференц-залды эмеректер, оргтехника менен камсыздоого – | 225,8 |
| 3 | Байчечекей” балдар бакчасына 5 штук конфектор, телевизор алууга | 45,0 |
| 4 | Орто мектептерде медициналык пункт уюштурууга жана дары-дармектерди алууга - | 50,0 |
| 5 | Барскоон маданият борборунун ачылышына | 150,0 |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| 6 | К.Чылабаев мектебине шкаф алууга | 15,0 |
| 7 | Барскоон айылындагы орто билим берүү мекемелеринин ашкана кызматкерлерине кошумча акы төлөөгө | 71,2 |
| 8 | Барскоон айылындагы орто билим берүү мекемелеринин ашкана кызматкерлерине кошумча акы төлөөгө | 28,9 |
| 9 | К.Чылабаев мектебине кресло алууга | 5,0 |
| 10 | Тосор айылына «Кышкы Туризм» өткөрүүгө | 47,0 |
| 11 | Жер өлчөөчү аппаратты иштетүүгө кеткен чыгымдарды жабууга | 65,0 |
| 12 | “Ордо” улуттук оюнуна | 100,0 |
| 13 | 5 штук конвектор алууга | 20,0 |
| 14 | Телевизор | 25,0 |
| 15 | Айыл өкмөтүнүң башка чыгымдарына | 98,4 |
| | **Баардыгы** | **1347,9** |

3. Каралган акча каражаттарын бекитип берүү жагы Жети-Өгүз райондук финансы башкармалыгынан суралсын.

4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин каржы-экономикалык, бюджет жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жана аткаруу жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска